# Кафедранын окуу-усулдук иштери

Ош мамлекттик университетинин юридика факультетинин жарандык укук жана процесси кафедрасынын окуу-усулдук иштери боюнча жооптуу болуп ю.и.к., доцент Эгембердиева Нуржамал Аманбековна эмгектенет.



Усулдук иш – педагогдун чыгармачыл потенциалын (дараметин), кесиптик чеберчилигин өнүктүрүүгө, башкача айтканда кесиптик – компетенттүү адистерди сапаттуу даярдоого багытталган, илимдин жетишкендиктери жана педагогикалык тажрыйбаларга негизделген бирдиктүү иш – аракеттердин системасы.

Билим берүү процессин илимий – усулдук жактан камсыз кылууда усулдук иш төмөндөгүдөй багыттарда жүргүзүлөт: билим берүү процессинин эффективдүүлүгүн, кесиптик билимдин сапатын жогорулатуучу нормативдик, окуу – программалык, окуу – усулдук, маалыматтык окуу каражаттары менен камсыз кылуу, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды топтоо жана жайылтуу.

Методикалык иш – окуу-тарбия процессин окуу-методикалык документтер менен камсыз кылууга, окутуучулардын педагогикалык чеберчилигин жогорулатууга, студенттердин аудиториялык жана өз алдынча иштөөсүн өркүндөтүүгө, мамлекеттик талаптарды эске алуу менен окуу-усулдук иштеринин бардык формаларын, түрлөрүн жана ыкмаларын өркүндөтүүгө багытталган чаралардын комплекси.

Методикалык иштин негизги максаты – окуу процессинин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатууга шарт түзүү болуп саналат.

## Кафедрадагы усулдук иш

Кафедрадагы усулдук иштер кафедрага бекитилген дисциплиналарды окутууну жакшыртууга, окуу процессин оптималдаштырууга жана интенсификациялоого, аны методикалык жактан камсыздоону жакшыртууга, профессордук-окутуучулук курамдын педагогикалык квалификациясын жогорулатууга багытталган.

Кафедрадагы усулдук иш план менен аныкталат.

**19-бюллетень ОшМУ - Окуу методикалык комплекс**

1.Окуу-методикалык комплекс жөнүндө Жобо каралган.

2. Дисциплинанын **окуу-методикалык комплекси (ОМК)** жөнүндө.

Дисциплинанын **окуу-методикалык комплекси (ОМК)** ОшМУдагы студенттерди кесиптик даярдоо багыттарынын бири боюнча билим берүү программасында пландаштырылган окутуу натыйжаларына жетүүгө жана кесиптик маанилүү компетенцияларды натыйжалуу калыптандырууга өбөлгө болуучу, ошондой эле дисциплинанын мазмунун студенттердин (бакалаврлардын/магистранттардын) сапаттуу өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу окуу-методикалык материалдардын системалуу комплекси.

Дисциплинанын ОМКсынын курамы тиешелүү дисциплина боюнча ***бекитилген*** жумушчу программанын мазмуну менен аныкталат. ОМКнын курамына төмөнкүлөр кирет:

2.1. Аннотация

2.2. Жумушчу программа

2.3. Силлабус

2.4. Окуу-методикалык материалдар (ОММ):

2.4.1. – сабактардын бардык түрлөрү боюнча (лекция, семинардык/ практикалык, лабораториялык сабактар);

2.4.2. – текшерүү, курстук, бүтүрүүчү иштер боюнча;

2.4.3. – баалоо каражаттарынын фонду (БКФ);


2.4.4.- глоссарий;

2.4.5.- дисциплинаны өздөштүрүү боюнча студенттер үчүн методикалык сунуштар.

ОУК – конкреттүү адистик (багыт) боюнча мамлекеттик билим берүү стандартындагы дисциплинанын окуу программасына кирген, студенттердин окуу материалдарды өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзүүчү басма жана/же электрондук түрдөгү окуу-усулдук материалдардын жыйындысы

Окутуучунун ишбилгилиги: педагогикалык кесиптик ишбилгилик, окутуу-үйрөтүү процессин уюштура билгичтик, инсандык психологияга аяр мамиле жасай билгичтик, билим деңгээлинин жетиштүүлүгү, тармактык билимдин бекемдиги, мугалимдик кесипке берилгендик, педагогдук ишмердүүлүктү аркалоо, окуу программалары боюнча түшүнүк, кабардарлык деңгээли, коммуникабелдүүлүк, билимди, билгичтикти жана көндүмдү баалай алуу, баалоо критерийлерди билүү, башка өзгөчөлүктөр (квалификацияны жогорулатуу ) менен бааланат. Жаранадык укук жана процесси кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы да, жогорку окуу жайда билим берүүдө педагогикалык квалификациясын жогорулатып турат.

Кафедрада устат-шакирт ыкмасы да колго алынган. Кафедранын тажрыйбалуу окутуучулары устат болушуп, жаш окутуучуларга усулдук жактан кеңеш берип турушат.



Жарандык укук жана процесси кафедрасы жылдык пландын негизинде иш жүргүзөт. Кафедрада ОУК, жумушчу программа, силабустар жана (баалоо каражаттар фонду) иштелип чыккан. Конспектилер жана лекциянын текстери, көргөзмөлүү ачык сабактын иштелмелери иштелип чыккан.

Окутуучулардын окуу-усулдук иштерин көзөмөлдөө өзүнүн курамына: окуу-усулдук комплекстерди жана лекциялардын текстерин иштеп чыгуу, жазуу жана кайрадан иштеп чыгууларды, пландарды талкуулоо жана аларды кафедрага көрсөтүү, семинардык сааттардын мазмуну жана структурасын, кафедра боюнча окуу-усулдук пособияларды чыгарууга даярдык көрүүлөрдү камтыйт.

Окутуучулардын силлабустары окуу жылынын башында окуу жүктөмдөргө ылайык түзүлүп MyEDU системасына киргизилген. Жекече жумушчу пландарда ар бир окутуучунун 2025-2026-окуу жылынын 1-жарым жылдыгында болгон окуу-усулдук, илимий, коомдук-уюштуруу жумуштары жана алардын аткарылышы(KPI) көрсөтүлгөн. Пландаштырылган иш-чаралардын негизинде окутуучулар жыл бою иш алып барышат жана алардын аткарылышы жекече окуу иш-планында белгиленет. Окуу жылынын 1-жарым жылдыгы боюнча окутуучунун өзүнүн эсеп-кысабы, андан соң кафедра башчысынын корутундусу кеңири чагылдырылган.